«Ким болду экен?», «Өлүп тирилгендер» поэмаларын талдоого алып, бир катар окутуунун илимий-педагогикалык иштер жүргүзүлгөн.

**Жыйынтыктар:**

1.Окуу китептеринде А.Осмоновдун поэмалары тууралуу материалдарды берүү боюнча жалпы тарыхый жагдайларды жана азыркы учурду эске алуу менен бул багыттагы абалды өркүндөтүү үчүн окуу китептеринен сырткары А.Осмоновдун поэмалары мүмкүн болсо хрестоматияларга толук киргизилсе;

2.А.Осмоновдун поэмаларын окуу китебинде берүүдө тектик, түрдүк, жанрдык өзгөчөлүктөрүнө ылайык суроо-тапшырмалар кылдаттык менен тандалса;

3.Поэмаларды тарыхый учуру элдин башынан өткөн тагдыры менен байланыштырууга айрыкча көңүл бурулса.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Алымов Б. Аалы Токомбаевдин чыгармаларын окутуу. Мугалимдер жана студенттер үчүн. Ф., «Мектеп» 1976

2. Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окутуу методикасы: Жогорку окуу жайларынын филология факультетинин студенттери үчүн окуу китеби.–Ф.:Мектеп,1984.2-китеп, 1984.–336 бет.

3. Эшиев Ж. Мектептерде поэмаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери. Жогорку окуу жайларынын кыргыз филологиясы факультеттеринин студенттери жана орто мектептин кыргыз тили адабияты мугалимдери үчүн. Монография. Бишкек.2009.

4. Ишекеев Н. Кыргыз адабиятынын окуу китептери: өткөнү, бүгүнкүсү жана келечеги. окумуштуулар, мектеп мугалимдери жана ЖОЖдун филол.фак.студ.үчүн. Б.:–2011.-216 б.

УДК:82:82-311(821.0)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-2(1)-267-275

**Жумашова Р.Ж.**
Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университети, ага окутуучу
**Жумашова Р.Ж.**
Кыргызско – Узбекский международный университет им. Б.Сыдыкова, старший преподаватель
**Zhumashova R.Zh.**
Kyrgyz-Uzbek International University B. Sydykov, Senior Lecturer

# ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН ПОВЕСТТЕРИНДЕГИ АЯЛДАРДЫН ТАГДЫРЫ ЖАНА СОГУШ ТРАГЕДИЯСЫ
# СУДЬБЫ ЖЕНЩИН И ТРАГЕДИЯ ВОЙНЫ В ПОВЕСТЯХ ЧЫНГЫЗА АЙТМАТОВА
# THE FATE OF WOMEN AND THE TRAGEDY OF WAR IN THE STORIES OF CHYNGYZ AITMATOV

**Аннотация:** Изилдөөнүн предмети Чынгыз Айтматовдун “Бетме-бет”, “Саманчынын жолу” повесттериндеги аялдардын образындагы коом, мезгил үй-бүлө жана адеп-ахлак

руханий баалуулуктардын көркөм интерпретацияланышын жана каармандардын мүнөз эволюциясынын өгөчөлүктөрүн айкындоо. Изилдөөнүн максаты-повестердин каарман аялдардын натурасы күчтүү, эмгекчил, үлгүлүү, адилеттүү сүрөттөлүп, бийик гуманизм, таалим-тарбиялык сабактары терең көрүнүп, жазуучунун аял каармандары улуттук турмуштун алкагынан чыгып, адамдык адилеттүүлүктү, акылмандыкты даңазалап, терең философиялык жалпылоолорго көтөрүлгөндүгүн көрсөтүү. Изилдөөлөр адабият таануу илиминдеги жетишкендиктерге таянып, адабий – тарыхый, салыштырмалуу-типологиялык методдордун негизинде жүргүзүлдү. Изилдөөдөн алынган жыйынтыктарды айтматовтаануу багытында жүргүзүүдө, аталган темада курстук, квалификациялык, магистрдик иштерди жазууда баалуу материал болуп саналат. Изилдөөнүн натыйжасында жазуучу чыгармаларында кыргыз аялдарынын түркүн тагдырын сүрөттөгөнүнө карабастан,идеялык-тематикалык,көркөмдүк пафосу боюнча бири-бирин толуктаган эпикалык циклге айланды десек болот. Бул макала адабият тармагындагы жалпы окурмандарга сунушталат.

**Аннотация:** Предметом статьи является художественная интерпретация духовных ценностей общества, времени, семьи и нравственности в образе женщины в рассказах Чынгыза Айтматова «Лицом к лицу», «Млечный путь» и выявление особенностей эволюции персонажа. Цель исследования показать, что характер героинь- сильные, трудолюбивые, образцовые, справедливые, их отличает высокий гуманизм, видны глубокие корни воспитательных уроков, героини автора выходят за рамки народного быта, прославляют человеческую справедливость, мудрость и глубокие философские обобщения. Статья основывается на достижениях литературоведения и написана опираясь на литературно-исторический, сравнительно-типологический методы. Является ценным материалом при проведении исследований в направлении анализа данных результатов исследований, написания курсовых, квалификационных, магистерских диссертаций по указанной теме. В результате исследования можно сказать, несмотря на то, что автор описывает разные судьбы кыргызских женщин в своих произведениях, они стали эпическим циклом, дополняющим друг друга по идейному, тематическому и художественному пафосу. Эта статья рекомендуется для широкого круга читателей в области литературы.

**Abstract:** The article analyzes the evolutionary nature of the image of a woman in the stories of Chyngyz Aitmatov "Face to Face", "The Milky Way". The problem of women and mothers is in the foreground in the writer's work, and a wonderful poetic gallery of women has been created. Their image reflects the historical development of the Kyrgyz people, society, the movement of time. The author's female heroes go beyond the limits of folk life, glorify human justice and wisdom, rise to deep philosophical generalizations. It is a valuable material when conducting research in the direction of data analysis of research results, writing term papers, qualifying, master's theses on the specified topic. The author focuses on high realism and deep psychologism in depicting a person from the bottom up. Despite the fact that Aitmatov's stories describe the different fates of Kyrgyz women, we can say that they have become an epic cycle that complements, improves and deepens each other in terms of ideological, thematic, artistic content and inner pathos.

**Негизги сөздөр**: повесть, аял каармандар, прототип мүнөз, сюжет, гуманизм, трагедия, психологизм, поэтикалык чеберчилик.

**Ключевые слова**: повесть, женщины героини, прототип характер, сюжет, гуманизм, трагедия, психологизм, поэтическое мастерство.

**Keywords:** story, main characters, prototype image, plot, humanism, tragedy, psychology, poetic skill.

Классик жазуучу Чынгыз Айтматовдун чыгармачылыгы өзүнчө этаптуу адабий доорго айланып калды. Өзгөчө сүрөткердин поэтикалык дүйнөсүнүн биринчи этабында эне жана аял проблемасы негизги орунда турат. Мунун өзү да турмуш чындыгы эмеспи. Андыктан ,автордун чыгармачылыгындагы кыргыз аялдарынын мүнөзүнүн тарыхый эволюциясын иликтөө кызыгууну туудурат. Чындыгында Ч. Айтматов алгачкы “Ак жаан” аңгемесинен тартып, “Тоолор кулаганда” романына чейинки узак мезгил мейкиндик аралыгында аялзатынын керемет бир поэтикалык галереясын жаратыптыр: Саадат, Сабира, Сейде, Жамийла, Толгонай, Алиман, Алтынай, Асел, Кадича, Инкамал апай, Мырзагүл, Жайдар, Бүбүжан, Бекей, Гүлжамал, Үкүбала, Зарипа, Турсун, Айша апа, Бахиана, Жесси, Луна Лопатина, Айдай, Элес ж.б. Сүрөткердин аял каармандары адабияттагы “жергиликтүү маанидеги” кызмат аткаруу үчүн гана жаратылган эмес, алардын түркүн тагдыры, дүйнө таанымы, адамдарга жасаган мамилесинин, кулк-мүнөзүнүн, психологиясынын өзгөрүшү кыргыз элинин тарыхый, коомдук- социалдык турмушунун өнүгүш жолдорунан кабар берип турат.

Даркан жазуучу Чынгыз Айтматовдун Улуу Ата мекендик согуш мезгилиндеги кыргыз элинин турмушуна арналган повесттериндеги Сейде, Толганай, Алимандын катаал тагдыры, мүнөздөрүнүн татаалдыгы, карама-каршылыктуулугу, көп кырдуулугу менен айрымаланган ажайып образдар. Чыгармаларындагы аялзатынын эң бир жаркын, жандуу, таалим-тарбиялык мааниси күчтүү образдар аркылуу дүйнөнү таанудагы көркөм-эстетикалык көз караштардын чегин кеңейтип, Адам таанууну жаңы ачылгалар менен толуктап жана тереңдетет.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Чынгыз Айтматовдун “Бетме-бет”, “Жамийла”, “Саманчынын жолу” чыгармаларында эне жана аял проблемасы башкы орунда турат. Улуттук турмуш чындыгынан жаралган аял каармандардын коомдогу, үй-бүлөдөгү орду, адамдык улуу касиеттери, элдик нускалары терең, философиялык, көркөм -эстетикалык жактан бийиктикке көтөрүүдө сүрөткердик чеберчилиги макаланын актуалдуулугун шарттады.

**Изилдөөнүн обьектиси жана предмети.** Изилдөөнүн обьектиси- Чынгыз Айтматовдун “Бетме-бет”, “Саманчынын жолу” повесттери.Ал эми изилдөө предмети-аталган чыгармалардагы аялдардын образындагы коом, мезгил, үй-бүлө жана адеп-ахлак, руханий баалуулуктардын көркөм интерпретацияланышын жана каармандардын мүнөз эволюциясынын өзгөчөлүктөрүн айкындоо.

**Иликтөөнүн методдору.** Макала адабият таануу илиминдеги жетишкендиктерге таянып, адабий-тарыхый, салыштырмалуу-типологиялык методдорун негизинде ишке ашты.

**Натыйжалар жана талдоолор.** Даанышман жазуучу Ч. Айтматовдун “Бетме-бет”, “Саманчынын жолу” повесттериндеги Сейде, Толгонай, Алимандын жаркын образдары согуш мезгилиндеги кыргыз аялдарынын тагдырына туш келген мүшкүл иштерди, кажыбас эмгектерди, ак ниет, боорукер, намыстуу, улуу адамгерчиликти сүрөттөгөн поэтикалык шедеврлер. Албетте, балалыгы согуш мезгилине туш келген жазуучу үчүн согуш унутулгус кандуу окуя гана эмес, баарыдан мурда адамзатка кыргын алып келерин кийинки урпактар үчүн унутулгус тарыхый сабак экендигин гуманист жазуучу замандаштарына караганда эрте түшүнгөн. Тегин жерден акыркы “Тоолор кулаганда” романында да “Өлтүр, өлтүрбө” деген

философиялык аңгемеси аркылуу жер жүзүндөгү адамзатка согуштун трагедиясын түшүндүрүп, тынчтыкта жанаша жашагыла деген керээзин калтырып кетпедиби. Ошондуктан согуш сүрөткердин аң-сезимине өчпөс изин калтырып, чыгармачылыгында башкы темага айланып, түшүнүгүн тереңдетип, дүйнөгө болгон көз карашынын калыптанышына күчтүү таасир бергени талашсыз.

Ушул мааниде согуш мезгилиндеги аялдардын азап-тозогу тууралуу Ч.Айтматов чагылгандын огундай болгон философиялуу сөзүндө мындай дейт: "Согуш жылдарындагы аял заты тууралуу көп даңаза айтылууда. Тышта мээнеткеч, үйдө эне, канчалык көкөлөтө даңктасак да ашык эмес. Эгер мен скульптор болсом, согуш кезиндеги аялдын образын колодон жасоого бүт өмүрүмдү сайып коер элем. Ушул образ аркылуу XX кылымдын бүт азап-тозогун мээримдүү жүрөгүнө сиңирген, кайраткер да, боорукер да "умай энеси" болгон согуш кезиндеги аялдын жаркыраган түрүн берүүгө, түшүндүрүүгө жан ыкласым менен аракеттенээр элем" [1].

Залкар жазуучу улуу сөзүн, ой-максаттын ишке ашырып, чыгармаларында аялдардын образынын керемет галереясын жаратканы белгилүү.Залкар жазуучубуз Ч. Айтматовдунт көркөм дүйнөсүндө аялдардын образы эволюциялык мүнөзгө ээ. Адам, коом, мезгил маселесинин тегерегинде аял каарманды чыгарманын чордонуна коюп, ар түрдүү өңүттөн көркөм интерпретациялаган. Дегеле жазуучунун чыгармаларында аял, эне катары чындык турмушка негизделип кайсы доор болбосун адамгерчиликтүү, эмгекчил, жароокер, натурасы күчтүү, жаратман касиеттери жана татаал тагдырлары, духту мүнөздөрү менен эсте калат.

Сүрөткердин нукура таланты "Бетме-бет" повестинен ачыла баштагандыгы белгилүү. Чыгармада согуш мезгилиндеги кыргыз айыл турмушу сүрөттөлсө да, жазуучу анын идеялык өзөгүнө адамдын коом алдындагы милдети деген проблеманы кырынан койгон. Согуш трагедиясына ким кантип туруштук берди, эл алдында кандай деңгээлде парзын аткара алды деген собол Ысмайыл менен Сейденин образы аркылуу көркөм чечмелөөгө алынган. Ал эми повестте Ысмайылга антипод түзүлгөн Сейденин образы күчтүү адамдык касиет-сапаттары, жаны тынбаган эмгекчилдиги, атуулдук сезиминин бийиктиги менен таасир этип турат.

Чыгармадагы окуяда көрүнгөндөй Сейденин өмүрлүк жолдошу Ысмайыл кан күйгөн согушка барбай, жолдон качып келди. Ал: "Заманың бөрү болсо, бөрү бол! Ушу кезде ар ким эле өзүм гана тойсом дейт! Мен уурдайм, мен жейм, аскерден качып келип, ачтан өлөйүн деген эмесмин!" [2]- деп ашкере жырткычтай мүнөзгө өтүп, барган сайын түпкүрдү көздөй кулап отурат. Коомдо жашап туруп, эл арасына батпай жалгыз үңкүрдө кара жанын сактап калууга алек. Ал түгүл, тирүү жүрүп, энесинин көз жумганда балалык парзын аткарып "энекелеп" өкүрбөдү, айылдаштары менен кошо бир ууч топурак сала албады. Мындан ашкан адамдык трагедия болобу!

Бирок автордун көрөгөчтүгү Сейдени дароо эле ашкере акылдуу, телегейи тегиз, дүйнөнүн түркүгүн кармап турган асылзат катарында сүрөттөп жибербейт. Сейденин тагдыры турмуштук жана салттык катаал кырдаалдар менен байланышкан, дагы эле болсо патриархалдык көз караштар өкүм сүрүп турган мезгилде жашап жатат. Мына ушул турмуш чындыгынан улам Ысмайылдын качып келишине маани бере алган жок, кайра ашуу ачылса эле, "Чаткалдагы жаркын турмушка" ишеним артып, кышы менен кара жанын карч уруп күйөөсүн багып, эне тоокчо канаты менен калкалап жүрөт.

Академик А. Эркебаев таамай айткандай: "Бетме-бет" повестинин башкы каармандары-дезертир Ысмайыл менен патриархалдык көз караштан алганда ага чыккынчылык кылган Сейде кыргыз (жалаң гана кыргыз эмес) окурмандарына көп жагынан

күтүүсүз жаңы каармандар эле. Адам психологиясын терең түшүнгөн Ч. Айтматовго Сейде ошол моралдан аша кечип, жалаң үй-бүлөлүк очоктун мүдөөлөрүнө байланган чектелгендикти жеңип, “кичине терезенин” ары жагында айыл, эл, бүтүндөй дүйнө бар экенин туюнууга алып келген руханий жетилүүсүн көрсөтүү керек болгон” [3]. Жазуучунун жаңычылдыгы мурдагы жасалма көрүнүштөрдү, канондорду бузуп, доор алмашканда адам жашоосу, мүнөзү өзгөрүп турарын кыраакылык менен илгиртпей байкагандыгы. Даанышман сүрөткердин: “Биз дүйнөнү өзгөртөбүз, дүйнө бизди өзгөртөт” деген жашоо философиясы чыгармачылык кредосуна айланып калды.

Чындыгында Сейденин драмасы байкоого алынбаганы менен, ошол кан күйгөн татаал шарттагы элет айылынын турмуш-жөрөлгөлөрүндө калыптанган баео түшүнүгү, туюм-сезими болуп саналат. Сейденин ички дүйнөсүнө бүлүк түшүргөн бир учур – балдарды аскерге жөнөтүү аземи болду. Ал кыйылып атып барды эле. “Алтымыш вагон бир чиркеп, алып учкан паравоз, айлымдан кетип баратам, агайын трууган, кайыр кош![4],- деген муңдуу, кусалуу үн менен ыр созолонуп жатат. Мындан ушул балдардын канчасы келип, канчасы келбей калар экен деген маанини туйду. Бир аз эле күн мурун Ысмайылды да ушинтип жөнөтүшкөн. Эми ал үңкүрдө жашынып жатат, жүрөгү сыздай түштү. Шишке отургансып, бир азга араң чыдап, чыгып кетти. Сейде түнү менен уктай албады, дилин толгон-токой ой-санаа басты.

Чыгармадагы дагы бир эпизод согуштан жарым жан болуп кайткан Мырзакул менен болгон кагылышуу Сейденин жан дүйнөсүн дагы күчтүүрөөк селт эттирди. Мырзакул: “Кеч боло электе Ысмайылды ачыкка чыгар, барсын ал дагы эл барган жерге! Баятан жүрөгү карайып, жан далбастаган Сейде Мырзакулга тайманбай жулкунду:

-Түшүнгөндө эмне? Качса качып кеткен чыгар, мен аны билбейм! Ар кимге өз жаны кымбат, кара башын сактаса сактап жүргөн чыгар, ага эмне мынча тарланасың?.. Жолуңду кыя өткөн жок элек го, же элдин баарын эле өзүңдөй майып болуп келсин дейсиңби” [4].

Көрүнүп тургандай, Мырзакулду кайнага санабай, бул катуу айтылган сөз Сейденин Ысмайылды коргоп, сес көрсөткөн гана сөзү эмес, баарынан мурда, түркөй мамиленин, бир жактуу баео түшүнүктүн натыйжасы эле. Ачуу сөзгө ууккан Мырзакул “өрмө камчы менен Сейдени моюндан нары тартып, тартып жиберди”. Бул моюнга ороло тийген Мырзакулдун камчысынын уусу Сейденин көзүнүн ачылышын таасир берген турмуш камчысынын сабактарынан болчу десе болот. Анан да Тотойдун уюн уурдап сойгон Ысмайыл экенин билген бир түндө Сейденин чачы агарды, дүйнөсү тазарды. Бешиктин жалкынына сүйөнө бала эмизип жатып, терезенин кичине көзүнөн кең дүйнөнү көрдү: “Ооба, мына бул кичинекей терезенин нары жагында, айыл жатат, эл жатат. Анда почточу Курман бар. Тотой балдары менен, Мырзакул бар... Ысмайыл да бар. Ооба, Ысмайыл да бар... “Бирок сен башкаларга окшобойсуң, сен башкасың, жат адамсың... Өз элиң ушундай жоо сайышканда таштап корголоон, акыр түбү өз элиңе душман болот экен да... Сени сактайм деп жүргөн экем, көрсө, ушундан сакташ керек эле...”[4]. Ушул турмуш чындыгы чыгарманын кан-жанын аралап өткөн өзөктүк идея Сейде сыяктуу каармандардын жан дүйнөсүн аңтара өтүп, жеке жашоодон бүтүндөй адамзаттык деңгээлге көтөрүлүп, “эр жигит эл четинде, жоо бетинде” же “ эл-мазар, элден чыккан азар” деген көркөм-философиялык бийиктикке көтөрүлгөн.

Сейденин образы эволюциялык мүнөздө берилген. Ал турмушту, жашоонун маңызын, адамдарды баарын кайра тааныды, жаңырган, жетилген сезим менен тааныды. Ысмайыл алардын ичинде башка жат адам экенин, болгондо да эл душман экенине көзү жетти.

Баласын жүрөгүнө басып, башын жогору көтөрүп, Ысмайылга барчу жолду баштап жөнөдү. Ошентип, Чынгыз Айтматовдун адамдын улуулугун, руханий күчтүүлүгүн даңазалаган жана дүйнөлүк улуу трагедияларды, адамзат кыяматын жараткан жолу дал ушул “Бетме-бет” повестинен башталган экен.

“Саманчынын жолу” реквием чыгарма. Улуу согуштун трагедиясы Толгонай эне менен Алимандын кайгы-касиретке толгон тагдыры менен жуурулушуп турат. Айтматовдун каармандарынын ичинен Толгонай эне өзүнүн тунук акылы, айкөлдүгү, ниет-тилегинин тазалыгы, ойлоо масштабы боюнча монументалдуу образ. Автор “Саманчынын жолу” повестиндеги окуяларды, Толгонай эненин прототибин да чыныгы турмуштан алган.

Бул маселенин тегерегинде профессор У. Култаева кызыктуу изилдөө жүргүзүп, мындай деп жазат: “Дегеле Айтматовдун чыгармачылыгында, айрыкча чыгармачылыгынын 1-этабында ЭНЕ жана АЯЛ проблемасы өзгөчө орунда турат. Мунун өзү да турмуш чындыгы эмеспи. Биринчиден, жазуучунун атадан эрте калып энесинин колунда тарбияланышы, болгондо да сөөгү таза, акылы тунук, билимдүү аялдын колунда өсүшү, экинчиден, балалыгы согуш мезгилине туш келгендиктен “бүт аалам аялдардын колунда” турганда адам катары калыптанышы анын чыгармачылыгына өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Ушундай шартта тагдырында маанилүү роль ойногон топ аялдын ичинен Толгонайдын прототип катары тандалышынын өзүндө турмуш чындыгы бар экен.

Толгонайдын образында берилген эң мыкты сапаттар: кайраттуулук, акылмандык, нарктуулук кадимки жийделик Толгонай байбиченин сапаттары экен. Апаат согуш эр бүлөөнү мойсоп, жеке үй эмес, бүтүндөй айыл жетимсиреп турган согуштан кийинки болгон бир окуяны элеттиктер эстен чыгарбай мындайча эскеришет. Айылда адам өлөт. Көр казарга, каза тапкан пендени көтөрүп көргө коерго эркектана табылбайт. Ошондо Толгонай ургаачы аттуудан жалгыз өзү өспүрүм балдарды бейитке ээрчитип келип, баш-көз болуп балдарга көр каздырат. Анан түбөлүк жай даяр болгондо көр ичине өзү түшүп сөөктү кандай коюу керек экендигин балдарга жакшылап түшүндүрөт. Ал эми сөөктү мүрзөгө алып келгенде салтты сактап, балдарга сыртынан көз салып калыптыр. Ошондон кийин балдар өлүк көмүү зыйнатын үйрөнүшкөн экен” [5].

Аталган фактыга караганда Толгонай эненин образына уютку болгон реалдуу адамдын да таасири күчтүү болуп, турмуш чындыгын көркөм чындыкка айландырууда өзү да чыгармачылык менен ар тараптан шөкөттөп, натыйжада жазуучу согуштун тозок отунда калса да, майтарылбаган руху күчтүү, гумандуу, нукура үлгүгө тартчу Толгонай эненин монументалдуу образын жарата алды. Чыгармада Толгонай акылдуулугу, үй-бүлөлүк салтты бекем сактаган нарктуулугу, духунун күчтүүлүгү менен элдин энесине айланып олтурат. Чындыгында бул - Адамдын улуу рухун ачуунун жана даңазалоонун айтматовдук эстетиканын башкы принциби.

Майданда жүргөн күйөөсүнөн, азамат үч уулунан ажырап калса да, ал башкалардын бак-таалайы жөнүндө ойлонот, жалпынын кайгысы, түйшүгү менен түйшөлүп жашайт. Толгонай эненин образында жалпы элдин элеси келет, ошондуктан мүнөзү, духу жагынан элдик акыл-ойдун табына ширетилген. Жер-Эне менен Толгонайдын тагдыры символдоштурулган. Окумуштуу Т. Аскаров: “Чындыгында Толгонайдын образынын ажарын таасындап ачууга көмөкчү болуп жаткан нерсе-бул жер. Ай күндөн жарык алган сыяктуу жер да чыгармадагы окуянын катышуучусу катарында жашоонун азыгын Толгонайдын образынан алат. Белгилүү даражада жердин образы Толгонайдын образынан бөлүнүп чыккан. Бирок мындан Толгонайдын образы бөксөрүп калбаган. Тескерисинче эки

эсе таасир берүүчү күчкө ээ болгон" [6], - дейт. Демек, жазуучу колдонгон шарттуулук каармандын образын толук кандуу ачууда, көтөрүлгөн проблемалардын актуалдуулугун тереңдеттүүдө, улуттук идеялар менен адамзаттык идеяларды байланыштырууда маанилүү роль ойногон.

Чыгармадагы эң сонун сүрөттөлгөн эпизоддор кең талаа, жайкалган эгин-тегиндер, согушка чейинки дыйкан үй-бүлөнүн бактылуу турмушу. Толгонайдын өзү жана ата-бала Субанкул менен Касым да нукура дыйкандар. Алар тынч күндө элди тойгузган мээнеткечтер болсо, жоо келгенде колуна курал кармап, элди коргоп канын төккөн патриоттор. Ал үй-бүлө жердин улуулугун, ыйыктыгын, кунун эртелеп сезген дүйнөнүн туткасын кармап турган адамдар.

Баарыдан мурда атанын жана үч уулдун согушка кетиши, эл коргошу, башатында Субанкул менен Толгонай турган бир үй-бүлөнүн руханий күчтүүлүгү, патриоттуулугу бул советтик тарбиянын гана таасири эмес, аларга ошондой кудурет нарк берген башкы бир булак-салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн насили, өтөлгөлүү өмүрүнүн кийинки учурга өткөрүп берип жаткан кыргыздын элдик педагогикасы"[7], -дейт окумуштуу А. Муратов. Башкасын айтпаганда да повесттеги эпизоддук каарман болсо да келечекте мугалим болууну каалаган Майсалбектин классикалык түрдө жазылган бир бет катында патриоттуулук, согушту жектөө, гуманисттик рух чөгөрүлүп, анда мекенге, эл-журтка, ата-эне, бир тууганга, турмушка болгон чексиз сүйүү ширетилген. Көрсө, мунун баары алган тарбияң менен жашаган коомго, айлана- чөйрөңө да байланышат экен. Адамдын асылы Толгонай эне минтип айтып жатпайбы: "дүйнөдөгү адам баласынын баары бири бирине жакшылык жооруп, өз уул-балдарын ушунчалык сүйүшсө, ушунчалык күтүшсө, балким, согуш болбос беле дейм" [4]. Согуштун бүт азап-тозогун башынан кечирген, улуу трагедиянын чордонунда турган Толгонай эненин образы аркылуу автор Адамдын майтарылгыс рухун терең философиялык деңгээлге көтөрө алды.

"Саманчынын жолу" повесттинде Толгонай эненин трагедиялуу тагдырын улантып турган Алимандын образы. Эгерде согуш болбосо көптүн катарында эненин "гүл сүйгөн келини" Алиман Касымдын ардактаган жары, уул-кыздардын мээримдүү апасы катары бактылуу жашамак. Жазуучу анын талкаланган тагдыры аркылуу согуштун адамзатка алып келген азап-тозогун бүлүндүргүч жексурдугун жүрөк титиреткен сценалар аркылуу таамай чагылдырган. Согуш бүтүндөй адамдардын тагдырын, жашоосун өзгөртүп жиберди. Бул апаат, улуу трагедиянын алдында ар бир адам өзүнчө жооп берди, жазмыштын сыноосунан өтүштү. Андан четке чыга бергендер Ысмайылдын кебин кийип калышты.

Көңүл бөлчү жагдай, "Саманчынын жолу" повесттинде Алиман Толгонай эне сыяктуу трагедиялуу каарман. Ч. Айтматов адабий процесстеги трагедиянын мааниси, наркы тууралуу мындай дейт: "Трагедия - чындыктын обьективдүү категориясы, аны этибар албоо же тоотпой коюу жарабайт. Трагедия - бул бакыт, аң-сезим, чыгармачылык сыяктуу эле адам менен түбөлүк болчу нерсе. Бул анын тиричилигинин бир бөлүгү. Трагедия жанры бизге жат эмес. Көркөм сөзүбүздө, көркөм оюбузда тээ атам заманыбыздан бери тарыхта жашап келе жаткан нерсе. Ар дайым «Манас « эпосубузда мындай проблемалар бар деп түшүндүрүүгө аракеттенем. Ошондой эле өзүмдүн чыгармачылыгымда дагы бул нерселерден качпайм. Тескерисинче, трагедия жанры аркылуу турмуштун көп кырдуулугун, азыркы заманыбыздын татаал жана бийик жактарын ачып берүүгө аракеттенем" [3].

Ошентип, автордун "Бетме-бет", "Саманчынын жолу" чыгармаларынын идеялык-философиялык логикасын ээрчисек, согуш адамзат тагдырын талкалаган, дүйнөнү бүлүндүргөн,

кыйраткыч күчкө ээ трагедиянын очогу. Жазуучу дал ошол трагедияга катарлаш адам тагдырын, кыйма-чийме жашоосун окуянын чордонуна коюп, адамдык насилин жалпы концепцияга бириктирип, көркөм иликтөөнү максат койгон деп айтууга туура келет.

Чыгармада Толгонай Алиманды биринчи көргөндөн эле жактырып, турмуштун ар кандай кырдаалдарында кайын энелик же келиндик мамиледен бийик көтөрүлүп, бири-бирине өбөк-жөлөк, сырдаш курбу болуп, үлгүлүү сабактарды, нарктуу салттарды алып жүрүшөт. Болбосо айжаркын келини жолдон адашып кетип калган учурда да Толгонай бир ооз жаман сөз айтып көңүлүн калтырбайт. Өзгөчө Алиман төркүнүнө кетип калганда Толгонай эне аз жерден акылдан азып кете жаздайт, артынан издеп барат. Алимандын өлүмү сүрөттөлгөн эпизод жүрөк титиретет. Ошондогу эненин келинине болгон камкордугу, көзүнөн кан агып ыйлап жоктогону улуу адамгерчилик касиет. Алимандын трагедиясы согуш мезгилинде күйөөсүнөн ажыраган, тагдыры тайкы миңдеген келиндердин трагедиясы. Ал эми Толгонай эне “гүл сүйгөн келининен” калган небереси Жанболотту татыктуу адам катары тарбиялап, эл керегине жараган азамат болушуна ишенет. Чыгармада кыргыз элинин согуш учурундагы турмушун Толгонай эне менен Алимандын тагдыры менен диалектикалык бирдикте сүрөттөгөн. Жазуучу “Саманчынын жолу” повестиндеги аял каармандар аркылуу Адамдын улуулугун, ыйык гуманизмди, жашоонун өлбөстүгүн, асылдык идеяларды даңазалайт.

1. Дүйнөлүк маанидеги жазуучу Ч. Айтматов чыгармаларында согуш кезиндеги кандуу жылдардын азап-тозогун ийинине көтөрүп, жүрөгүнө батырган, тагдырынан кечирген кыргыз аялдарынын монументалдуу образдарын жаратканы тастыкталды;

2. Профессор Б.Темирова айткандай: “Сүрөткер үчүн аял каармандар адам, коом, мезгил маселеси тууралуу масштабдуу ой жүгүртүүнүн, дүйнө таанымынын, көркөм-эстетикалык күчүнө айланды. Ч. Айтматов чыгармаларында кыргыз аялдарынын түркүн тагдырын чагылдырганына карабастан, идеялык-тематикалык, көркөмдүк мазмуну жана ички пафосу боюнча бири-бирин толуктаган, өркүндөткөн, терендеткен эпикалык циклга айланганы аныкталды”;

3. Сүрөткердик өнөрканасында кыргыз аялдарынын өзүнчө галереясы жаралып, алардын образы эволюциялык мүнөздө өр тартып өнүгүп олтурат. Аялзат коомдун, жашоонун күзгүсү катары ар тараптуу чагылдырылып турат. Дегинкиси ,Айтматовдун каарман аялдары нукура татаал турмуштун казанында кайнаган, мүнөзү татаал, натурасы курч, издеген акыйкат жолдору бар, духу күчтүү адамдар. Аларды бири-бири менен чаташтырууга мүмкүн эмес. Ар бир доордун өзүнүн каармандары бар, ошондуктан чыгармадагы аялдардын жаркын образдары аркылуу мезгилдин кыймылы, улуттун өнүгүш тарыхый жолдору менен баяндалды;

4. Алынган жыйынтыктарды айтматовтаануу багытында изилдөөлөрдү жүргүзүүдө, аталган темада курстук, квалификациялык, магистрдик иштерди жазууда баалуу материал болуп саналат.

## Колдонулган адабияттар:

1. Айтматов, Ч. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы: 8-том. Повесттер, аңгемелер. / Түз. А.Акматалиев.- Б.: Бийиктик, 2008.
2. Айтматов, Ч. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы: 2-том. Макалалар, маектер. / Түз. А.Акматалиев.- Б.: Бийиктик, 2008.

3. Айтматов, Ч. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы: 1-том. Повесттер, аңгемелер. / Түз. А.Акматалиев.- Б.: Бийиктик, 2008.
4. Муратов, А. Чыңгыз Айтматов- жазуучу – этнопедагог [ Текст] / А.Муратов.- Б.: Айат, 2006.-80б.
5. Аскаров,Т. Көркөм шарттуулуктун мүмкүнчүлүктөрү [ Текст] / Т.Аскаров .- Ленинчил жаш, 1963.
6. Култаева, Ү. Турмуш чындыгы жана көркөм образ [ Текст] / Ү.Култаева.-Б.: Айат, 2002.-Б.17-18.
7. Аскаров, Т. Көркөм шарттуулуктун мүмкүнчүлүктөрү[ Текст] / Т.Аскаров.- Ленинчил жаш, 1963.
8. Темирова, Б. Ч. Айтматовдун чыгармалары менен элдик мурастын айкалышы [ Текст] / Б.Темирова. - Б.: Айат, 2018.
9. Эркебаев, А. Элдик эпостон адабий эпоско[ Текст] / А.Эркебаев // Адабий изилдөөлөр жана сын макалалар.- Ф.: Адабият, 1990.

УДК: 370/247-91
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-2(1)-275-281

**Мадмуратова Замира Гулбаевна**
Баткен мамлекеттик университети, А.А.Машрабов атындагы Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институту, ага окутуучу
**Мадмуратова Замира Гулбаевна**
Баткенский государственный университет, Сулюктинский гуманитарно-экономический институт им. А.А. Машрабова, старший преподаватель
**Madmuratova Zamira Gulbaevna**
Batken State University, Sulukta Humanitarian and Economic Institute. A.A. Mashrabova, Senior Lecturer

# ТУЯК ЫРЧЫНЫН ЫРЛАРЫНДАГЫ ПЕДАГОГИКАЛЫК ИДЕЯЛАРДЫН ИЗИЛДЕНИШИ
# ИССЛЕДОВАНИЕ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ ИДЕЕЙ В ПЕСНАХ ПЕВЦА ТУЯКА
# RESEARCH OF PEDAGOGICAL IDEAS IN SONGS SINGER TUYAK

**Аннотация:** Кыргызстандын Түштүк жергесинен чыккан элдик ойчул акын Туяк ырчынын чыгармачылыгын даңктоо, изилдөө иштерин жүргүзүү биздин муундарыбызга калтырыла турган эң зор байлык болуп саналат. Анын ар бир ырында айткан ою-өзүбүздүн тарыхыбыз, рухий башатыбыз катары баалашыбыз керек. Макалада акындын ырларындагы көсөмдүк, алдын-ала чагылдыруу баалулуктары, көрөгөчтүгү жөнүндө пикирлер берилди. Аны менен бирге изилдөөбүздө, Туяк ырчынын ырларындагы тарбиялык мазмундун адеп-ахлактык, моралдык - нравалык нормалары, акыл насаат берүүчү ойлору, элдик тарбиялоо идеясын чагылдыруудагы ордун ачып берүү негизги болуп каралган. Анткени, ырларында акын катары жашоо-тиричиликтин майда-чүйдөсүнө чейин саресеп салып, адам баласынын нравалык сапаттарын жана мүнөздөрүндөгү туура эмес одоно кыял-жоосундарын ачып көрсөтүү менен жалпы эле жаштарды терс мүнөздүк сапаттардан алыс болуп, жакшы